КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
СУЗАК РАЙОНУ
БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЗАКСКИЙ РАЙОН
БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН**
**VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН** кезектеги **XIX СЕССИЯСЫ**

## ТОКТОМ
## ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**11-июнь 2026-жыл** **№ 5** **Октябрь айылы**

**Багыш айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын**
**Уставын бекитип берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамынын 15-беренесинин талаптарына ылайык, Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Багыш айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын элдик жыйындарында жергиликтүү жамааттын Уставынын долбоорун талкуулап, жыйындарда жергиликтүү жамааттан, депутаттардан түшкөн сын-пикир, сунуштарын эске алып жана Багыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 04-апрелиндеги 01-15/64 сандуу "Багыш айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын Уставын бекитип берүү жөнүндө " кайрылуусун негиздеп, Багыш айылдык кеңешинин Мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, Регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 31-беренесинин 2-бөлүгүнүн 8-пунктуна таянып, **Багыш айылдык кеңеши токтом кылат:**

1. Тиркемедеги Багыш айыл аймагынын жергиликтүү жаматынын Уставы жаңы редакцияда бекитилсин.
2. Ушул токтом жана Багыш айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын Уставы Багыш айыл өкмөтүнүн расмий bagysh gov.kg сайтына жарыялансын.
3. Ушул токтомду жана тиркемедеги жергиликтүү жамаатын Уставын расмий жарыялоо Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Таевге милдеттендирилсин.
4. "Багыш айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын Типтүү Уставын бекитүү жөнүндөгү" Багыш айылдык кеңешинин 2018-жылдын 05-апрелиндеги №1 токтому күчүн жоготту деп табылсын.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Багыш айылдык кеңешинин Мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, Регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы М.Караевге милдеттендирилсин.
6. Ушул токтом юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **К.М.Кулмамбетов**